## ДУБАЙГА ЖОЛДОМО АЛГАН ОКУТУУЧУЛАР





4-бетте

## ЖАҢЫ ОКУУ ИМАРТТАРЫНА КАПСУЛА САЛЫНДЫ





3-бетте

Жаштык-бул жигер!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити

№06 (195) 2019-жыл, • Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

## ОшМУда 2 волейбол, 2 баскетбол жана футбол талаасы колдонууга берилди




Ош мамлекеттик университетинин Ак-Буура кампусунда ачык асман алдындагы спорттук аянтчалар пайдаланууга берилди. Медицина, эл аралык медицина, медициналык клиника жайгашкан аймакта орун алган спорт комплексинде учурда 2 волейбол, 2 баскетбол жана футбол талаасы орун алды.

Ачык асман алдындагы спорт комплексинин ачылуу аземине ОшМУнун административдик кеңешинин курамы, окутуучулар, студенттер катышып, кызыл тасмасы кесилди.

Аталган спорттук комплекси эми мындан ары окутуучулар, студенттер, спорт сүйүүчүлөрү үчүн кызмат кылмакчы.

Учурда ОшМУда спорттун волейбол түрү боюнча балдар, кыздар командасы универсиадада жогорку лигада ойношот. Балдар командасы жогорку лиганын 2019-жылкы чемпиону болушкан. Ал эми баскетбол боюнча балдар курама командасы 1-лигада, кыздар жана футбол курама командасы жогорку лигада оюн көрсөтүшөт. ОшМУ дайыма билим берүү, тарбиялоо менен биргеликте спортко өзгөчө көңүл буруп, ийгилик жараткан спортчуларга материалдык да, моралдык да колдоолорду көрсөтүп, шарттарды түзүп келет.

## ОШМУНУН РЕКТОРЛУГУНА ТАЛАПКЕРЛЕР



Ош мамлекеттик университетинин ректорлугуна кандидаттарды каттоо 24-ноябрда аяктаган. Шайлоо 5-ноябрда башкы имаратта 09:00дө башталат. Ал эми 25-октябрдан 4-ноябрга чейин үгүт иштери жүргүзүлөт. ОшМУнун ректорлугуна төмөндөгү 4 талапкер ат салышууда:

**Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич**
ОшМУнун ректорунун м.а. физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент.

**Кошоева Бибигүл Бейшенбековна**
И.Раззаков атындагы КМТУнун алдындагы Кыргыз-Герман техникалык институтунун телематика кафедрасынын башчысы, техника илимдеринин кандидаты, доцент.

**Зулпукаров Алтынбек Зулпукарович**
Кыргыз-Өзбек университетинин сырттан окуу боюнча проректору, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент.

**Эгембердиев Шайымбек Амантурович**
К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин үзгүлтүксүз жана дистанттык билим берүү институтунун социалдык, информациялык технологиялар кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент.

## ЧОЛПОН-АТА ШААРЫНДАГЫ ЖЕҢИШ

2019-жылдын 16-17-18-19-октябрында ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин студенттери Чолпон–Ата шаарында өткөн “Медициналык илим жана билим берүү чөйрөсүндөгү инновациялар” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышышты.

Конференциянын алкагында кыргыз, орус жана латын тилдеринен эл аралык олимпиада өттү.

Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын башчысы, доцент Райкан Ысмаилованын жана окутуучуларындын жетекчилиги менен олимпиаданын жыйынтыгында кыргыз тили жана адабияты дисциплинасынан 2-курстун студенти Midhila Sindhu Manoj жана 3-курстун студенти Dar Mohmad Ashraf 1-орунду (жетекчиси улук окут. А. Маматова) ээлешти.

Орус тили дисциплинасынан 2-курстун студенти Manrar Prasad Dnyaneshwar 1-орунду жана 3-курстун студенти Sadik Ali 3-орунду (жетекчиси улук окутуучу Ж. Арзыматова) багындырышты.

Латын тили дисциплинасынан 2-курстун студенттери Toufique Hassa гран-прини жана Najariya Saleh Ramzan сертификат менен сыйланышты (жетекчиси улук окут. Р. Дыйканбаева). Ошондой эле жалпы командалык эсепте 1-орунду ээлешти.

Уюштурулган концерттик программага катышып, кыргыз ыр-бийлерин мыкты деңгээлде аткаргандыгы үчүн Adnan Abbas Wani жана Koram Pooja Ambadas (жетекчиси: окут. Н. Мухтарова) сертификаттар менен сыйланышты.



Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru



# «Санариптештирүү: Дүйнөдө жана Бизде»



Ош мамлекеттик университетинин базасында 17-октябрь күнү КР экс-президенти Роза Отунбаеванын катышуусу менен Жалал-Абад, Ош жана Баткен областтарында "Санариптештирүү: Дүйнөдө жана Бизде" аттуу санариптештирүү процессиндеги дүйнөдөгү жана өлкөбүздөгү жетишкендиктер жана мүмкүнчүлүктөр боюнча конференция өттү.

Конференцияга Ош областынан, Ош шаарынан өкүлдөр, мекеме жетекчилери, айыл өкмөт башчылары, агартуу, саламаттык сактоо жана маданий тармагынын өкүлдөрү, окутуучулар, студенттер катышышты.

Уюштуруучулар белгилегендей конференциянын максаты - Кыргыз Республикасынын Президентинин "Санариптештирүү жана аймактарды өнүктүрүү" жылына карата областтардын, райондордун активдерине, мамлекеттик мекемелердин жетекчилерине, айыл аймактарынын башчыларына дүйнөдөгү жана өлкөбүздөгү санариптик ачылыштар, технологиялар менен тааныштыруу, артыкчылыктуу багыттарды аныктоого мүмкүнчүлүк түзүү болуп саналат.

Аталган конференцияга карата ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин жана IT Академиясынын студенттери жана угуучулары тарабынан даярдалган робототехника, 3 D моделдештирүү, мобилдик тиркемелерди иштеп чыгуу багытында жасап жаткан эмгектери көргөзмөгө коюлду.

# "Орто Азия аалымдарынын дүйнө илимине кошкон салымы" симпозиуму уюштурулду

Ош мамлекеттик университетинин базасында 18-19-октябрь күндөрү Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин "Профессор Фуат Сезгин жылына" арналган эл аралык "Орто Азия аалымдарынын дүйнө илимине кошкон салымы" симпозиуму болуп өттү.

Аталган симпозиум Кыргыз-Түрк Манас университети, Борбордук Азия Университтердин Ассоциациясы, Борбор Азиянын жогорку окуу жайларынын бирикмеси, профессор Фуат Сезгин Ислам Илим Тарых Изилдөө борбору, Түркиянын Кыргызстандагы элчилиги, Ош мамлекеттик университети, Т.Р Кырыккале университети, Түрк кызматташтык жана өнүгүү агенттиги (ТИКА), Бишкек программасынын координаторлугу менен биргеликте уштурулду.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, профессор Себахаттин Балжы ОшМУнун ректорунун м.а., доцент Кудайберди Кожобеков менен жолугушуп, пикир алышышты. Жолугушуунун алкагында кызматташтыктар боюнча сөз болуп, мындан ары да биргелешкен эки тараптуу кызматташтыктарды кеңейтүү, билим берүү, илим, мобилдүүлүк, илимий долбоор боюнча алакаларды бекемдөө жагы талкууланды.

Симпозиум эки күнгө созулуп, анда Орто Азия аалымдарынын дүйнө илимине кошкон салымы боюнча окумуштуу-аалымдардын пикирлери ортого салынды.



# ОшМУнун 11 студенти Чехиянын Батыш Чех университетине окууга аттанышты

Ош мамлекеттик университетинин ректорунун м.а. Кудайберди Кожобеков 24-октябрда Чехиянын Батыш Чех университетине билим алып келүүгө аттанып жаткан университеттин 11 студентин кабыл алып, окууларына ийгилик каалады. Ошондой эле студенттерди татыктуу билим алып, жаңылыктар, сунуштар менен келүүгө чакырды.



Батыш Чех университетинин эл аралык мамилелер факультетинин 9 студенти, 1 магистранты жана чыгыш таануу жана тарых факультетинин 1 студенти 4-ноябрь күнү ОшМУнун жана Батыш Чех университетинин эки тараптуу келишимдеринин алкагында Чехияга жөнөп кетишет.

Жолушууга катышкан ОшМУнун өнүктүрүү жана эл аралык байланыштар боюнча проректору Абдыганы Абдувалиев жана ОшМУ менен Батыш Чех университетинин кызматташтыгын бекемдөөгө салым кошуп келе жаткан ОшМУнун доценти Эрлан Камалов да студенттердин окууларына ийгилик каалап, алыскы чет жерде жүргөндө коопсуздук маселелерин сактап, жакшы окуп келүүлөрүн каалашты.

Белгилей кетсек, учурда Батыш Чех университетинде ОшМУнун 4 студенти, 1 магистранты окуп жатышса, Батыш Чех университетинин 11 студенти ОшМУда билим алып жатышат.

## Малазиядагы Ислам илимдер университетинин студенттери ОшМУ менен таанышты



30-октябрда Ош мамлекеттик университетине Малазиядагы Ислам илимдер университетинин эл аралык борборунун башкы директору, доцент Ирван Бин Нахд Субри жана аталган университеттин студенттери конок катары келишти.

Делегация менен ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору, ректордун убактылуу м.а. Замирбек Божонов жолугушуп, конокторго университеттин 80 жылдык тарыхы, билим берүү, илим изилдөө, эл аралык байланыштар багытында жүргүзүп жаткан иштери менен тааныштырды.

Доцент Ирван Бин Нахд Субри Малазиядагы Ислам илимдер университети тууралуу кеңири маалымат берди. Маалыматка ылайык аталган университетте шарият менен укук илимдери биргеликте окутулат. Университетте 9 факультетте 12 000 ге жакын студенттер билим алышса, алардын 700гө жакынын чет өлкөлөрдөн келип билим алгандар түзүшөт.

Жолугушуунун жүрүшүндө эки окуу жайдын кызматташтыгын бекемдөө, билим берүү, илим изилдөө, академиялык мобилдүүлүк багытында келишимдерге жетишүү тууралуу сүйлөшүүлөр жүрдү. Ошондой эле бул алгачкы сапар кийинки байланыштарга көпүрө боло тургандыктарын белгилешти.

Кошумчалай кетсек, аталган делегация Бишкек шаарында ОшМУнун Арашан гумнитардык институтунда болушкан, ал эми Ош шаарында ОшМУнун теология факультетинде болушуп, студенттер менен жолугуп, факультеттин ишмердүүлүктөрү менен таанышыты.

## ОшМУнун студенттери Душанбе шаарында форумга катышты



2019-жылдын 24-27-октябрь күндөрү Тажикстан республикасынын Душанбе шаарында өткөн "Тажикстан-Азия - 2019" аттуу IV студенттик форумга Ош мамлекеттик университетинин алдынкы студенттеринен, магистранттарынан жана аспиранттарынан куралган 11 делегат катышып келди. Аларды эл аралык байланыштар бөлүмүнүн башчысы, доцент

С.М. Амиралиев жетектеп барды.

Тажик улуттук университети менен Алтай мамлекеттик университети уюштурган бул форумга Азиядагы 8 өлкөнүн150гө жакын өкүл катышып, улуттар аралык достук мамилени бекемдешип, маданият аралык диалог жана аймактар аралык кызматташуу маселелерин таалкуулашып, жаштар ортосундагы кызматташууну бекемдөөгө багытталган, биргелешкен студенттик долбоорлорду пландоонун жана турмушка ашыруунун үстүнөн иштешти.

Борбор калаада өткөн бул жолугушуу "Чек арасыз билим", "Илимий жигердүүлүк", "Маданият аралык диалог", "XXI кылымдын лидерлери", "Жаштар чөйрөсүндөгү социалдык долбоорлор" деген 5 негизги багыттан туруп, Азия регионундагы окуу жайлардын ортосунда интеграциялык процесстерди кеңейтүүнү жана студенттердин, студенттик уюмдардын өз ара кызматташуусун күчөтүүнү максат кылды.

Иш-чара билим берүүчүлүк, маданий, спорттук жана экскурсиялык программалар менен коштолуп, аларга ОшМУнун студенттери активдүү катышып, жыйынтыгында 5 грамотага ээ болушту.

Эскерте кетсек, Ош мамлекеттик университети ушул жылдын сентябрь айынан баштап, Азия университеттеринин ассоциациясына мүчө болуп келүүдө.

**ОшМУнун ПРЕСС кызматы**

Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

## ОШМУГА ЖАШТАШ ОКУТУУЧУ

Быйыл Ош мамлекеттик университетинен 80 жыл толуп олтурат. Бул аралыкта канчалаган окутуучу агай-эжейлер университеттин өсүп-өнүгүшүнө өз салымын кошуп келишти. Кезектеги санybызда 60тан ашуун илимий эмгектин автору, философия илимдеринин кандидиты, профессор, 1986-1992-жылдары ОшМУнун ректору болгон Арап Анарбаев агай менен чай кайнатым убакыттагы маекти тартуулайбыз.



***-Саламатсызбы, агай? Ушул жылы ОшМУ 80 жашка толуп турат. Сиз университет менен дээрлик жашташ агайсыз. ОшМУ менен байланган тагдырыңыз жөнүндө кеп баштасаңыз.***

- Саламатчылык, дээрлик куттуу окуу жай менен жашташмын десем болот. Мен 1958-жылы Өзбекстандын Андижан областынан келип, Ош педагогикалык институтунун чет тилдер факултетинде окуй баштадым. Ал мезгилде жалпысынан чет тилдерине жакшы деле көңүл бурулчу эмес. Ошентсе да Лелинграддан келген жаш мугалимдер сабак берип калышты. Алардан ачкан жолдорунан чыйыр салдым десем болот. Окууну 1963-жылы ийгиликтүү аяктап, өзүм бүткөн окуу жайда Б. Эшманбетов, А.Өмүралиевдердин катарында мугалим болуп эмгектенип калдым. ОшМУга болгон алгачкы эмгек жолум ушундай башталган.

***- Ректордук милдеттин түйшүгү жана ырахаты жөнүңдө айта кетсеңиз?***

- Ректордук кызмат татаал жана жоопкерчиликтүү иш. Себеби, түштүк жергесиндеги эң алдыңкы университет болгондон кийин анын мындан аркы жолунда даражасын түшүрбөй өнүгүүгө карай багыт алдыруу деген милдет турат. ОшМУ 1939-жылы мугалимдер институту болуп түзүлгөндөн тарта жакшы ректорлор келип, университетибиздин өнүгүүсүнө өз салымдарын кошо алышты. Менин башкаруум астында да көптөгөн ийгиликтерге жетиштик деп ишенем. Алардын көзгө көрүнүктүүлөрү жөнүндө айта турган болсом: аспирантура бөлүмү түзүлүп, бир нече жаңы окуу имараттары курулду. Бир гана ректорлор эмес, жалпы окутуучулук курам өмүрүн арнаган эмгектин аркасы менен жаралып жаткан азыркы ОшМУдан билим алып, канат кагып бүтүрүп жаткан студенттерди көрүү эң чоң бакыт деп билем.

***- ОшМУдагы эмгек жолуңузда эсиңизде калган студенттериңиз барбы?***

- Азыр алардын баарын эстей албайм, бирок окмуштуулар кеңешинин стипендиясын алып жүргөн студенттер көп болду жана көпчүлүк бүтүрүүчүлөрүм шаардык кеңешке депутат болушту.

***-Агай, эгерде кайрадан жашоодо бир мүмкүнчүлүк берилсе кайсы кесиптин ээси болмоксуз?***

- Мен барибир мугалим болмокмун.

***Маегиңиз үчүн ыраазычылык билдиребиз!***

**Даярдаган: Эшинбек кызы Сезим**

## ЖАҢЫ ОКУУ ИМАРТТАРЫНА КАПСУЛА САЛЫНДЫ

Күргүштөн күз айы курулуштарга бай болду. Алгач 7-октябрда ОшМУнун индустриалдык-педагогикалык колледжинин жаңы окуу имаратына капсула салынды. Бул саамалыкка университеттин профессорлук-окутуучулук курамы,окутуучулар, студенттер катышып, окуу имарат ак жолтой болуп, колледжде билим алып жаткан улан-кыздардын келечеги кең, жолу шыдыр болушун тилек кылышты. Курулуп жаткан окуу имаратында конференц залдар, окуу залдары, аудиториялар, китепкана жана электрондук, санариптик лабороториялар болмокчу. Заманбап окуу корпус ОшМУнун ички каражатынын эсебинен курулуп, курулуш ишин аяктоо жылдын биринчи кварталына чейин пландалдалган.



Жаңы имарат Ош шаарындагы Араван кичи районундагы баштапкы искусство факультети жайгашкан жерге курулат. Учурда аталган колледжде жалпысынан 1 500 ашуун студенттер 5 багыт боюнча билим алышууда.

Индустриалдык-педагогикалык колледжи “Инклюзивдик өнүгүү үчүн көндүмдөр” секторду өнүктүрүү программасынын алкагындагы долбоорго кирген. Долбоорго ылайык келечекте аталган Индустриалдык-педагогикалык колледжин эң мыкты колледждин үлгүсүнө айлантуу пландалган.

Андан соң 21-октябрда ОшМУнун Ак-Буура кампусунда медицина факультеттери үчүн 2 кабаттуу 2 жаңы окуу имаратынын пайдубалына капсула салынды.

Капсула салуу аземине университеттин профессордук-окутуучулук жамааты катышты. Имараттын пайдуба-





лына капсула салуу аземинде ректордун м.а. Кудайберди Кожобеков «Ош мамлекеттик университетинде 5-6 жыл аралыгында ондон ашуун окуу имараттары курулду. Бул саамалыктар бүгүн да университетте уланып жатат. Октябрдын башында Индустриалдык-педагогикалык колледжи үчүн курулуп жаткан окуу имаратына капсула салсак, бүгүн минтип медицина тармагында билим алып жаткан студенттердин билим алууга болгон шарттарын жакшыртуу максатында 2 кабаттуу 2 окуу имаратына капсула салып жатабыз. Жакынкы аралыктарда бул окуу корпустарынын жанына дагы бир заманбап типтеги 5 кабаттуу окуу имараты түшөт. Алдыда курула турган окуу корпусубуз акжолтой болуп, кыргыз жаштарынын илимге үгүттөгөн билим уясы болуусуна тилектешпиз!”, - деди.

Өз кезегинде Эл аралык медицина факультетинин деканы, медицина илимдеринин доктору Жаныбек Муратов төмөнкүлөргө токтолду:

«Курулуп жаткан имарат жалпы 1000 метрден ашык аянтты ээлейт. Аталган окуу корпсу 2 кабаттан туруп, жеңил конструкцияда курулат. Биринчи кабатына лексиялык аудиторялар каралса, 2-кабатында окуу корпустары болмокчу. Бул имарат жеңил жаңы конструкциядакурулгандыктан жакынкы арада колдонууга берилет деп пландалууда» -, деп билдирди.

Аталган окуу имараттардын 1-кабаттарында лекциялык залдар, 2-кабатында адистиктерге ыңгайлашкан, заманбап талаптарга негизделген окуу кааналары орун алат. Окуу имараттары университеттин ички каражатынын эсебинен каржыланууда.



# БИР ӨЛКӨНҮН ИЧИНДЕГИ БИРИМДИК

Алакандай мамлекетибизден ары ашпасам да, мен келген тараптан айтылган Ош деген сөз өтө алыс угулат. Ал жактан Ошту көрүп келгендер өтө сейрек, ал эми байма-бай каттагандар



жокко эсе.

Мен өзүм тоолору асман тиреген, аскада бүркүт түнөгөн алыскы Нарын жергесинен болом.

С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин филология факультетинин студентимин. Азыркы учурда академиялык мобилдүүлүк программасы аркылуу Ош мамлекеттик университетинде окуп жатам. Жаңы окуу жайдын жана жалпы эле Ош шаарынын мага калтырган алгачкы таасиринен эле ушундай ойго туш болдум: бир мамлекет ичинде жашап турсак да, аралыгыбыз узарып кеткен экен.

Алгач эле кирип келгенде Ош шаары жөнөкөйлүктүн символундай көрүндү. Көздү азгыраарлык укмуш көрүнүш жок. Жолдор, бак-дарактар, имараттар, негизи адамдар баары жөнөкөй. Кыргыз элинин карапайымдыгы бул шаарда толук сакталган экен. Шаарга чейинки чубалган жолду жээктеги баш-аягы жайылган талаалар жана анда эмгектенген адамдардан шаардын жөнөкөйлүгү көзгө көрүндү.

Мен жаңы гана таанышып баштаган жашоочулардын эң асыл сапаты—сылыктык экен. Аларга сылыктык атадан калган мурас сыяктуу. Андыктан мага жаңы тааныган жердештерим сыпайы мүнөздү бапестеп кийинки муунга өткөрүп бергендей жана бул чынжырдын башталышы алыста калгандай сезилди.

Көчөдө же кайсы бир коомдук жайда талашып тартышкан адам көрө албадым. Эки окуу жайдын ортосунда өтө эле одоно айырмачылык жок. Окуучулар, мугалимдер окуу системасы, ал тургай аудиторияларга чейин окшош. Жалгыз гана айырма жеке мен учун гана болгондой. Мен бул жактан жаңы адамдар менен тааныштым, жакшы досторду таптым, шаардын коздугун көрдүм, окуу жайдагы жакшы, билимдүү мугалимдерден билимимди дагы тереңдеттим. Бир сөз менен айтканда өзүмө жалаң гана пайдалуу нерселерди ала алдым.

Албетте, аз убакыт өтсө да кичи мекенимди, тоолорду Нарын дарыясынын шоокумун сагынганга жетиштим. Бул өлкөдө туруп, Ош шаарын көрө албай жургөндөр канча. Эгер сиздер да мага окшоп маданиятынызды ар тараптан кеңейип, жашоону ар тараптан көргүңүздөр келсе сиздерди келечеги кең Нарын шаарынан күтөм.

**Бурулсун Жусуева,**

*Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын МУнун филология факультетинин студенти. Учурда академиялык мобилдүүлүк боюнча Ош МУнун кыргыз тили жана журналистика факультетинде окуп жатат.*

Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru





**“Шоола чачып адамзаттын жолуна,**
**Студентти кысат жүрөк бооруна.**
**Бул жашоонун түшүрбөстөн түндүгүн,**
**Мугалимдер кармап турат колуна”**

*-деп дал ушул саптарда айтылгандай асыл сапаттардын ээси. Мугалимдик кесип-кылымдардан бери келе жаткан эскирбеген кесип. Анын интеллектуалдык көрөңгөсү, педагогикалык акыл туюму, биз менен бир доордо жашап, эртеңди көрө билген көрөгөчтүгү- асыл адам экенин айгинелеп турат. Бул багытта билим берүү кызматкерлеринин кесиптик майрамы – Мугалимдер күнүнө карата Ош мамлекеттик университети 5-октябрь Бабур атындагы академик өзбек музыкалуу драма театрында салтанаттуу кече уюштуруп, ардактуу кесип ээлерине сый-урмат көрсөтүлдү.*

# МУГАЛИМДИК КЕСИП – КЫЛЫМДАН БЕРИ КЕЛЕ ЖАТКАН ЭСКИРБЕГЕН КЕСИП

Салтанатты ОшМУнун ректорунун м.а. Кудайберди Кожобеков ачып, түмөн түйшүктүү кесипти аркалап, инсанды аруулукка тарбиялаган ардактуу кесип ээлерине жакшы ой-тилектерин билдирип, жылуу куттуктады. Ошондой эле окуу жайыбыздын ташын коюп, кышын кынаган, өмүрү, бүтүндөй тагдыры университет менен байланышкан ардагер агай-эжелерге ыраазычылык билдирди.

Ошондой эле университетте үзүрлүү эмгектенип жаткан профессордук-окутуучулук курамдын бир тобуна Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы, Ош шаардык мэриясынын, өкмөттүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн, ОшМУнун жана Бириккен профсоюздар уюмунун ардак грамоталары жана окуу жайдын өзүнүн акчалай сыйлыктары тапшырылып, алкыштар жарыяланды.

**Салтанаттын жүрүшүндө 2018-2019-окуу жылында ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын ортосунда өткөрүлгөн сынактын жыйынтыгы боюнча да жеңүүчүлөр сыйланды.**

Кеченин экинчи бөлүгүндө Мугалимдер күнүнө карата ректораттын демилгеси менен уюштурулган ОшМУнун доценти, белгилүү обончу жана аткаруучу Таалай Турдубаевдин жеке концерти тартууланды.

## ДУБАЙГА ЖОЛДОМО АЛГАН ОКУТУУЧУЛАР

**“ОшМУнун мыкты окутуучусу - 2019” жана “ОшМУнун мыкты лектору - 2019” конкурстарынын жеңүүчүлөрү Дубайга жолдомо менен сыйланды**

*Жылда салтка айланып уюштурулуп келе жаткан “ОшМУнун мыкты окутуучусу - 2019” жана “ОшМУнун мыкты лектору - 2019” конкурстары быйыл 2019-жылы Ош мамлекеттик университетинин 80 жылдык маарекесине арналып уюштурулуп, конкурстарынын жеңүүчүлөрү сертификат, диплом, активдүү катышкан окутуучулар ОшМУнун Ардак грамотасы, акчалай сыйлыктары жана баш байге Дубайга жолдонмо менен сыйланышты. Аталган сынак жыл бою уюштурулуп, комиссиянын чечими менен мыктылар тандалып алынган. Конкурс 3 этап менен өтүп, катышуучулардын иши атайын түзүлгөн комиссиянын кароосунда болду. Конкурстун финалдык турун уюштуруп өткөрүү комиссиясынын башында АББСДнын директору, п.и.к., профессор Мейликан Алтыбаева турду.*

**Светлана Алымкулова, дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин Америка жана котормо таануу кафедрасынын доценти:**



-Окутуучуларды бир чети таразалаган, бир чети шык берген сынак жалпысынан 3 турдан турду. Алгачкы этап кафедрада өтсө, 2-тур факультетте уланды. Ал эми 3-турдун шарты боюнча Сапат департаментине эссе, резюме жана ошону менен бирге июнь айында өтүлгөн 90 мүнөттүк лекцияны видео форматта тапшырдым. “Мыкты лектор-2019” сынагына жалпы ОшМУ боюнча 4 окутуучу ат салыштык. Жыйынтыгында жеңиш мага буйруп, учурда кубанычым койнума батпай турат. Мындан ары да студенттерге чыйыр салып, жаңы дем менен жумушумду улантам.

**Айпери Асанбек кызы, эл аралык медицина факультетинин клиникалык диципдиналар кафедрасы мугалими:**



-“ОшМУнун мыкты окутуучусу–2019” конкурусу жөнүндө май айында маалымат алгам. Сынак жалпысынан кафедралык, факультеттик жана факультет аралык 3 этаптан турду. Алгачкы 1-2-этап өзүбүздүн факультетте болду. Көнгөн чөйрө болгондуктан анчалык сүрдөө деле болбой, ийгиликтүү өттүм.

Ал эми факультет аралык сынакта сабак өтүү учуру атайын камерага тартылып алынды. Бир чети комиссия мүчөлөрү кирбегендиктен жеңил өттү десем болот.

Буга чейин 2018-2019-жылдарда тажрыйба арттыруу максатында курстарга катышканмын.

Аз да болсо ошол алган тажрыйбам жардам берди өңдөнөт.

Жеңишимдин дагы бир сыры окутууда заманбап билим берүү усулдары жана технологиялар колдонулганда болсо керек. Бул сыйлык мен үчүн бир чети аванс, бир чети стимул болду деп эсептейм.

## “Жылдын мыкты куратору-2019”

**Атыргүл Таабалдиева, педагогика, психалогия жана дене тарбия факультетинин улук окутуучусу, кыргыз тили жана адабияты мугалими:**



-Биздин НО-1-16 (б) тайпасында 32 студент билим алат. Алардын ичинен 14ү эң мыкты окугандар. “Жылдын мыкты куратору”, “Жылдын мыкты тайпасы” сынагына 2018-жылы өзүбүздүн Педагогика, психалогия жана дене тарбия факультетинде 1-орунга татыган соң, быйылкы жылы факультеттер аралык сынакта ат салышып, жеңишти камыздадык. Биздин тайпанын жетишкендиктери сынактын жобосуна ар тараптан туура келди десем жаңылышпайм. Студенттердин сабакка катышуусу, жаңы технологияларды мыкты деңгээлде өздөштүрүүсү, олимпиадага, университеттин коомдук-маданий иш-чараларына катышкандыгы, кураторлук сааттардын иштелмелери ж.б. критерийлерден алдыга озуп чыктык. Студентибиз Н. Каныбекаванын Ч. Айтматовдун 90 жылдык маарекесине карта өткөрүлгөн “Аалам алпы –Айтматов” деген темада жарык көргөн макаласы үчүн

Г. Кудайбердиеванын (мурдагы Билим берүү жана илим министри) колунан атайын диплом алгандыгы, тайпанын карылар үйүнө барып жыл сайын жардам берүүлөрү биздин жеңишибизге өбөлгө болду. Студенттерим менен сыймыктнам!

## “Жылдын мыкты тайпасы-2019”

**Нурбай кызы Акбермет, НО-1-16 тайпасынын старостасы:**



-Факультетте уюштурулган кандай гана иш-чара болбосун өзүбүздүн активдүүлүгүбүздү көрсөтүп келебиз. Бир үй-бүлөнүн балдарындай камкор, ынтымакта студенттик доорду кызыктуу өткөрүүдөбүз. Бул сынак биз үчүн кыйынчылык деле жараткан жок, анткени, тайпа болуп түптөлгөндөн бери аракеттерибиздин арты менен бүгүнкү ийгиликке жетип олтурабыз. Жеңиштин эң негизги ачкычы деп биздин биримдигибизди айтат элем.

## “Жылдын мыкты тарбия иштери боюнча декандын орун басары-2019”

**Гүлкайыр Өмүрзакова, Педагогика, психалогия жана дене тарбия факультетинин окутуучусу:**



-Мен 3 жылдан бери тарбия иштери боюнча декандын орун басары милдетин аркалап келем. Ар бир иштин сөзсүз түрдө кыйынчылыгы болот. Бирок студенттер менен иштөө ары кызыктуу жана негизги милдетибиз болгондуктан, кураторлор, жаштар комитетинин структурасы менен биргеликте иш алып барабыз. Акыркы мезгилде биздин факультетте чыгармачылыкка жөндөмдүү, позитивдүү студенттердин агымы көбөйүүдө. Алардын кызыкчылыктарын колдоп,туура багыт бергенге аракет кылабыз. ОшМУнун деңгээлиндеги “ОшМУ мырзасы -2019” кароо-сынагынын жеңүүчүсү Н. Бектурсун уулу, “ОшМУ жазы – 2019” фестивалында 1-орунду элеген Ш. Мамыргазы уулу, Н.Мусаевалардын ж.б. ийгиликтеринин, күчтүү жана тынымсыз эмгектин арты менен бүгүнкү жеңишке жетип олтурабыз.

**Даярдаган:**
**Аманалиева Айдана,**
**Салиева Жумагүл**

Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# Спорт сөздүн эмес, аракеттин иши

## АЯЛЗАТЫ ЖАНА ВОЛЕЙБОЛ




Дени сак аял-дени сак улут" ураанынын астында өткөн республикалык волейбол боюнча турнирде ОшМУнун командасы чемпион болду.

Чолпон-Ата шаарынындагы "Көгүлтүр Ысык-Көл" эс алуу пансионатында 4-5-октябрь күндөрү агартуу тармагынын өкүлдөрүнүн майрамына карата КР ЖК вице спикери А. Касымалиеванын демилгеси менен Аялдар кеңештери үчүн ***"Өнүккөн аял, өнүккөн аймак, өнүккөн өлкө" аталышында конференция уюштурулуп, соңунда ЖОЖдор арасында 40 жаштан жогорку курактагы эжекелер ортосунда "***Дени сак аял-дени сак улут" ураанынын астында республикалык волейбол боюнча турнир өткөрүлдү. Бул тууралуу **ОшМУнун Аялдар кеңешинин төрайымы Г. Сейтказиева:**

"Салтка айланып бараткан саамалыкка жалпысынан 7 дубандын ЖОЖдорунун волейбол боюнча кыз-келиндер командалары катышты. Таймаш курч мүнөздө өтүп, жыйынтыгында Ош мамлекеттик университети 1-орунду багындырды жана 10000сом акчалай сыйлык, дипломдор менен сыйланышты. Бул жеңишке ар бир эжекенин, ОшМУнун волейбол кыз-келиндер командасынын башкы машыктыруучусу Нурзат Ысмаилованын ошондой эле дем-күч берген колдоочулардын салымы чоң", - деп билдирди.

**Бул жеңишти улай ОшМУнун кыз-келиндер командасынын башкы машыктыруучусу өз кесибинин устасы, мыкты оюнчусу жана 2 баланын энеси Нурзат Ысмаилова менен баарлаштык.**



***-Саламатсызбы, эжеке? Бала чагыңыз кайсыл жерде өттү? Окуучу Нурзат кандай болчу?***

-Балалыгым Ош облусунун Алай районуна караштуу Ленин айыл өкмөтүндө өттү. Мектепте эле жакшы окуп, 5-класстан 7-класска чейин жеңил атлетика менен алектенип жүрүп, 400 метр аралыкка чуркоо боюнча райондун биринчилигин жеңип алгам. Бул жеңиш мага стимул берген өндөнөт волейболго болгон кызыгуум күчөп, көбүрөөк көңүл бөлө баштадым. Райондук, облустук деңгээлдеги турнирлерге катышып, байгелүү кайтчубуз. 2001-жылы ОГПИнин дене тарбия бөлүмүнө тапшырдым. Ошол эле жылы волейбол боюнча Ош облусунун кыз-келиндер курама командасына кошулуп, республикалык мелдештердин бир канча жеңүүчүсү аталдык. 2007-жылы Ош шаарынын "Мыкты волейболчу айымы" номинациясына татыктуу болдум. Окуу жайды аяктап, Ош технологиялык университетине мугалим болуп ишке кирдим. Ал жерде мугалимдерден куралган волейбол курамасында ойноп, көптөгөн жакшы оюндарды көрсөттүк. 2011-жылдан бүгүнкү күнгө чейин ОшМУнун педагогика, психология жана дене тарбия факультетинде мугалим жана кыз-келиндер, окутуучулар курама командаларынын башкы машыктыруучусу болуп иштеп жатам.

***-Жетишкен ийгиликтериңиз?***

-Өзүм спорттун волейбол түрү боюнча спорт чеберимин. Эл аралык, республикалык деңгээлдеги мелдештерден куру кайтпайбыз. Ыраазычылык баракчалар, Ардак громаталар, кубоктор жеке текчемде ондоп саналат.

***-Оюндагы эмоцияларыңыз тууралуу бөлүшө кетсеңиз?***

-Бардык эле спортчулар эмоциясын жашыра албайт болушу керек. Анткени, оюн учурунда башка бир дүйнөдө жүргөндөй болосуң. Намыс колдон чыгарбаш үчүн кээде катуу айтканга туура келет. Мындай спорттогу "мүнөзүм" өзүмө да жакпай кетет *(күлүп)*.

***-Студенттерди машыктыруу оңойбу же мугалимдердиби?***

-Мен үчүн мугалимдерге салыштырмалуу студенттер менен иштешүү оңой. Алар кабыл алуусу, жөндөмү жагынан бир аз тажрыйбалуу болушат. Ар биринин өзүнө жараша мамиле жасап, ийге келтирсе болот. Ал эми окутуучуларды үйрөтүү өтө кыйынга турат жана көп эмгекти талап кылат.

***-Тыйындын эки тарабы болгондой жеңилип калган учурда ошол оор сезим үй-бүлөгө таасир этпейби?***

-Мен жеңилгим келбейт! Ооба, кээде жеңилүү ызасын да татабыз. Маанайым чөгүп, үйдө да көпкө капаланып жүрөм. Бирок жеңилүү бизге күч берип, дагы да күчтүүрөөк болуп, алдыга умтулууга стимул болот.

***-Ысык-Көлдөгү оюн тууралуу айтып берсеңиз?***



-Оюн 40 жаштан жогорку эжекелерге А. Касмалиеванын демилгеси менен түштүк чөлкөмүндө өткөрүлүп келген. Андан соң республикалык турнирге айланды. Өлкө боюнча 7 команда катышып, алардын арасынан ОшМУ биринчиликти багындырды.

***-Маегиңиз үчүн чоң рахмат!***

**Даярдаган: Каныбек уулу Нургелди**



## БИРИНЧИ КУРСТАР АРАЛЫК СПАРТАКИАДАДА КАЙСЫ ФАКУЛЬТЕТ ЖЕҢҮҮЧҮ БОЛДУ?

Ош мамлекеттик университетинин 80 жылдык маараксине арналган, салтка айланып калган

1-курстар арасындагы спартакиада болуп өттү. Мелдешке 18 команда катышып, алар спорттун 8 түрү: волейбол, кичи футбол, баскетбол, жеңил атлетика, шахмат, тогуз коргоол, стол тенниси жана ордо оюндары боюнча күч сынашты. Жалпы командалык эсепте педагогика, психология жана дене тарбия факультети 1-орунду, дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети 2-орунду ээлесе, ал эми 3-орунду математика жана информациялык технологиялар факультети багындырды. Бул тууралуу уюштуруучулар жана жеңүүчүлөр өз пикирлерин билдиришти.

### ОшМУнун жаңыдан дайындалган "Биримдик" спорт клубунун төрагасы Алмазбек Казыбеков:



- Ушул убакытка чейин "Жаштык" спорт клубу деп аталып келсе, эстетикалык аурасын өзгөртүү, жаңыча көз карашта иш алып баруу максатында "Биримдик" спорт клубу деп кайрадан түзүлдү. Клубдун негизги максаты жаштар арасында спортту жайылтуу, Кыргызстанда ЖОЖдор арасында өтүүчү мелдештерде ОшМУну жогорку баскычтарга көтөрүү болуп саналат. Жалпы университетте болгон спорттун түрүн бириктирип, көзөмөлгө алуу жана аларга шарттарды түзүп, мыкты спортчуларыбызга материалдык колдоо көрсөтүп, окуу төлөмдөрүнөн жеңилдиктерди карайбыз.

Ал эми бүгүнкү спартакиада боюнча айтсак, оюндар чыныгы чыңалууда өттү. Ар бир факультет намыс талашып жатты десек болот. Алдыңкы орунду ээлеген командаларга Ардак грамоталар, акчалай сыйлактар тапшырылды. Андан сырткары ОшМУнун профсоюз уюму тарабынан спорттун түрлөрү боюнча 1-2-3-орунду ээлеген командаларга акчалай сыйлыктар ыйгарылды.

### Сыймык Калмурзаев, математика жана информациялык технологиялар факультетинин 1-курсунун студенти, спорттун жеңил атлетика түрү боюнча жеңүүчүсү:



- Жеңил атлетика боюнча өткөн спартакиадада 1-орунга ээ болдум. Алгач толкунданып, алдыга суурулуп келгениме ишенбей турдум. Алакандай ийгиликке жеткеним үчүн да өзүмө болгон ишенич күчөдү. Бул жарышка даярдыгы жок эле катышкандыктан, жеңиш күтүүсүздөн болду десем жаңылышпайм.

### Боронов Хожиакбар, педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин студенти, аталган факультеттин футбол командасынын оюнчусу:



- Бул мелдешке педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин студенттери атайын курама команда түзүп катыштык. Жалпысынан жашыл майсаң үстүндө 17 команда ат салышты. Биз бешөөсү менен беттешип, алардын ичинен алдыга суурулуп чыгып, биринчи орунду багындырдык. Жашыман, тагыраак айтканда 4-классымдан тарта футбол клубунда ойноп жүргөн үчүн, мага кыйынчылык жаралбады. Факультетибиздин намысын коргоп, капчыгыбызга дагы бир утуш алып келдик.

Белгилей кетсек, бул спорттук мелдеш жаңыдан окууга кабыл алынган 1-курстун студенттеринин арасында спортко шыктууларды тандоо, ОшМУнун курама командасын жаш студенттер менен толуктоо максатында жыл сайын өткөрүлүп келет.

**Даярдаган: Нурсултан кызы Венера, Жусупалиева Айганым**

# Магистратура жана PhD докторантура бөлүмү

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
Ош мамлекеттик университети

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Ошский государственный университет

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
Osh state university

Ош ш., 723500, Ленин к., 331,
тел.: (+996 03222) 22273, факс: (03222) 57558

г.Ош,723500, ул.Ленина, 331,
тел.: (+996 03222) 22273, факс: (03222) 57558

331, Lenin Street, Osh, 723500
tel.: (+996 03222) 22273, fax: (03222) 57558

№1192 « 2 »- октябрь 2019-ж.

МААЛЫМДОО БАРАКЧАСЫ

*Урматтуу кесиптештер жана магистранттар!*

Ош мамлекеттик университетинин магистратура жана PhD докторантура бөлүмү 1-2-курстардын магистранттары үчүн ар жыл сайын өткөрүлүүчү “Жаш окумуштуулардын илимий изилдөөлөрү: гипотезалар, практикалык сунуштар, иштелмелер” деген аталышта илимий-практикалык конференция 2019-жылдын 27-ноябрь күнү саат 10:00 дө өткөрүлөөрүн маалымдайт.

Конференцияга катышууга жаш окумуштуулар (35 жашка чейинки), аспиранттар, студенттер, магистранттар (1-2-курстун магистранттары) сөзсүз түрдө катышуусу зарыл!

Конференция 2019-жылдын 27-ноябрь күнү саат 10:00 дө Ош мамлекеттик университетинин чоң актылык залында өткөрүлөт.

Конференцияда төмөндөгү багыттар боюнча иш алынып барылат:

| № | Шифр | Магистратура багыты | Шифр | Багыт |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 510000 | Фундаменталдык информатика жана физика-математикалык илимдер | 510100 | Математика |
| | | | 510200 | Колдонмо математика жана информатика |
| | | | 510400 | Физика |
| 2 | 520000 | Табигый илимдер | 520100 | Химия |
| | | | 520200 | Биология |
| | | | 520400 | География |
| 3 | 530000 | Гуманитардык илимдер | 530200 | Саясат таануу |
| | | | 530300 | Психология |
| | | | 530500 | Юриспруденция |
| | | | 531000 | Филология |
| | | | 531100 | Лингвистика |
| | | | 531500 | Теология |
| | | | 532300 | Кытай таануу |
| 4 | 540000 | Социалдык илимдер | 540200 | Социалдык иштер |
| 5 | 550000 | Педагогикалык билим берүү | 550100 | Табигый илимий билим берүү |
| | | | 550200 | Физика-математикалык билим берүү |
| | | | 550300 | Филологиялык билим берүү |
| | | | 550400 | Социалдык-экономикалык билим берүү |
| | | | 550600 | Көркөм билим берүү |
| | | | 550700 | Педагогика |
| 6 | 560000 | Саламаттыкты сактоо | 560100 | Коомдук саламаттыкты сактоо |
| 7 | 570000 | Маданият жана искусство | 570700 | Костюм жана текстиль искусствосу |
| 8 | 580000 | Экономика жана башкаруу | 580100 | Экономика |
| | | | 580200 | Менеджмент |
| 9 | 600000 | Тейлөө тармагы | 600200 | Туризм |
| 10 | 710000 | Эсептөө техникасы жана маалымат технологиялар | 710100 | Информатика жана эсептөө техникасы |
| | | | 710200 | Маалымат системалар жана технологиялар |
| | | | 710300 | Колдонмо информатика |

Конференциянын иши кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт.

Конференциянын материалдары ОшМУнун “Жаш окумуштуулардын маалымдамалары” илимий журналында жарык көрөт.

Материалдарды төмөндөгүдөй тартипте даярдоону сунанабыз:

1. Секцияларда талкууланууучу баяндамалардын көлөмү 5-7 бетке чейин, ал эми пленардык жыйында окулуучу баяндамалардын көлөмү 8 бетке чейин болот.
2. Кагаздын форматы – А4, шрифт – Times New Roman, Tamga-KIT, шрифттин өлчөмү – 14, сап аралык интервал – 1,5; беттин параметрлери: сол жагынан – 2,5 см, оң жагынан, астынан жана үстүнөн – 2,5 см, абзац – стандартка ылайык.
3. Макаланын башына УДК көрсөтүлүүсү зарыл.
4. Макаланын темасы кара шрифт менен ортолонот, автордун (же авторлордун) аты-жөнү оң четинде жазылып, анын астына кадимки шрифт менен иштеген жери (кафедрасын көрсөтүү менен), окумуштуулук даражасы жана e-mail адреси көрсөтүлөт (макаланын темасын жана автор туралуу маалыматты англис тилине которуп коюуну суранабыз).
5. Макаланын аннотациясы кыргыз, орус, англис тилдеринде 600 белгиден туруп, бир абзацтан ашпосу зарыл. Макаланын ачкыч сөздөрү кыргыз, орус, англис тилдеринде 6-10 сөз болуусу тийиш.
6. Шилтемелер чарчы кашаа түрүндө көрсөтүлсүн [1].
7. Пайдаланылган адабияттардын тизмеси макаланын аягында алфавит тартибинде тизмеленип берилет.

Конференцияга катышуу үчүн макалалар 2019-жылдын 10-ноябрына чейин электрондук варианты менен кошо төмөнкү дарек боюнча кабыл алынат:

723500, Кыргызстан, Ош шаары, Ленин көчөсү 333.

Ош МУнун борбордук китепканасы, 103-каана

Маалымат үчүн телефондор: (03222) 2 69 84, (03222) 2 29 12

**E-mail: masteroshsu@mail.ru Уюштуруу комитети**

## Туризм в ЕГФ: Наша первая зарубежная поездка

Для каждого человека первый выезд заграницу является особенным и переломным моментом в жизни. Ведь если он узнает что-то новое для себя, особенно, в совершенно незнакомой ему среде, то процесс изменения мировоззрения, расширения кругозора проходит быстрее и эффективнее. Плюсов масса, и это только основные моменты.



Итак, наша первая зарубежная поездка состоялась в Узбекистан, т.е. в город Ташкент и Ташкентскую область. Нам, студентам I курса направление «туризм» естественно географического факультета, под руководством декана факультета, профессора А.Низамиева, выпала большая удача быть участниками международной конференции под названием “Географические проблемы и возможности развития туризма и рекреации”.

Узбекистан – наш близкий сосед и между двумя народами веками складывались дружественные отношения. Две страны связаны не только религией, экономикой и культурой, но общей целью - это развитие туризма на основе добрососедских отношений.

Наши первые впечатления превзошли все ожидания. Ташкент оказался гостеприимным, чистым и красивым городом, который сочетает в себе современную и старую архитектуру. Запомнились нам и улицы этого города, где можно прочувствовать весь колорит местной культуры. Метро города – это не просто подземка, с помощью которой люди передвигаются, это еще удивительные по своей красоте станции, каждая из них имеет свой стиль и шарм, и у каждой, как нам показалось, имеется своя душа.

Конференция проходила 11-12 октября текущего года в Чирчикском государственном педагогическом институте. На это мероприятие прибыли представители из разных стран: Казахстана, Кыргызстана, Таджикистана, России, Германии, Малайзии. Были представлены интересные доклады и своеобразные исследования, рассмотрены совершенно разные направления, в которых можно развивать туризм. Получили и усвоили очень большое количество полезной информации.

На конференции с докладом выступил и наш декан, профессор Абдурашид Гумарович, также он стал почетным зарубежным членом Географического общества Узбекистана. Кроме того, было подписано соглашение о сотрудничестве между ректором ЧГПИ Г.И. Мухамедовым и ОшГУ, что является большим достижением для нашего учебного заведения.

Во второй день нас ждал приятный сюрприз, и он был таким же насыщенным и полезным, как и первый. Для нас провели экскурсию по Ташкентской области: интересный объект Академии наук «Физика Солнце», виноградные плантации, Чарвакское водохранилище – главная рекреационная зона Ташкента и одноименной области и т.д. Было увлекательно увидеть все своими глазами. А также организаторы устроили банкет в уютном ресторане. Нам это показалось интересным: за одним столом сидели представители разных стран, носители различных языков, культур, вероисповедания. Удивительно, что туризм и наука объединили людей с разных стран мира, разных возрастов, мнений в одно целое, в одну цель – познание друг друга посредством туризма.

Стать участниками такой масштабной и всеохватывающей конференции было для нас большой честью. Приобрели очень большое количество впечатлений, положительных эмоций, воспоминаний. Эти два дня оставили неизгладимый след в нашей студенческой жизни и подтвердили правильность выбора профессии и жизненного пути в будущем.

**Жээнбекова Айжамал, Каимов Абдибек, Турат кызы Айтбу, студенты направления “туризм” ЕГФ**

Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

Ош мамлекеттик университети интеллектуал, чыгармачыл жаштардын ордосу. Жигердүү студенттер биригип, жакшы саамалыктарды жасап, коомго да пайда алып келүүдө. Биз алдыда ийгиликтери мол, жетишкедиктери белен ОшМУнун ENACTUS командасы тууралуу сөз кылабыз.



# ОшМУнун ENACTUS командасы

**“Ош мамлекеттик университетинин SIFE командасы 2000-жылдан тартып университетибиздин намысын регионалдык жана улуттук SIFE мелдештеринде татыктуу коргоп келе жатат.”,-деп сөз баштады аталган команданын академиялык эдвайзери Эрлан Токтоназаров.**



“Артка кылчайып карасак команда 2001-2003-жылдары улуттук SIFE мелдешинде 2-орунду, 2004-жылы SIFE-Фергана таймашында 1-орунду, 2007-жылы “Мыкты инновациялык проект”, 2008-жылы “Мыкты билим берүү проекти” номинациясын, 2011-жылы улуттук SIFE мелдешинде 3-орунду ээлеп, АКШнын Вашингтон шаарында өткөн Enactus-2012 дүйнө кубогунда байкоочу катары катышкан. 2013-жылы ОшМУнун Enactus командасы улуттук Enactus мелдешинде 2-орунду ээлеп, Мексиканын Канкун шаарында өткөн Enactus-2013 дүйнөлүк кубогуна байкоочу караты барган.

## "Enactus- 2016 дүйнөлүк кубогуна катышууга жолдомо алганбыз"

2014-жылы командабыз улуттук Enactus мелдешинде 1-орунду ээлеп, улуттук чемпион наамын алуу менен Кытай Эл Республикасынын Пекин шаарына 36 мамлекеттин жогорку окуу жайларынын ортосунда өткөн “Enactus-2014” дүйнөлүк кубогуна ийгиликтүү катышып келди.

2016-жылы улуттук Enactus мелдешинде 1-орунду ээлеп, улуттук чемпион наамын алуу менен Канаданын Торонто шаарында 36 мамлекеттин жогорку окуу жайларынын ортосунда өткөн “Enactus-2016” дүйнөлүк кубогуна катышууга жолдомо алдык”,-деди Эрлан Токтоназаров

**Мээрим Маметова, Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн башкы адиси, Enactus командасынын академиялык эдвайзери:**



-Мен Enactus командасына 2010-жылы мүчө катары киргем. Ал аралыкта жакшы жыйынтык көрсөтүп, 2014-жылга чейин вице-капитан болдум. Ошол эле жылы Кыргызстандын чемпиону аталууга жетиштик.

Бул мелдешке буга чейинки ректор, азыркы министрибиз Каныбек Абдуваситович да барып, дем-күч берип, колдоп келген. Негизи эле жетекчилердин колдоосу эки эсе умтулууга түрткү берет.

Ушул жылы команда Кыргызстандын алдыңкы ЖОЖдорунун катарында финалга чыкты. Бизде потенциялы жогору, жаңыча ой жүгүрткөн студенттерибиз арбын. Буйруса, ОшМУнун атын улуттук гана эмес, дүйнөлүк деңгээлде көтөрүүгө аракеттерди жасайбыз.

Окуу жайыбызда идеяларга бай, коомдун тамырын кармай билген, өлкөнү өнүктүрүүгө өз салымын кошом деген улан-кыздар арбын. Сиздерди биздин "Enactus үй-бүлөбүзгө" чакырып кетебиз!

**Камила Жунусова, бизнес жана менеджмент факультетинин 2-курсунун студенти, Enaktus командасынын капитаны:**



-Жаштар идеянын тегерегинде биригип, өзүбүзгө тажрыйба топтоп, коомго пайда келтирген долбоорлордун үстүндө иштейбиз. Ишкерлер менен биргеликте жергиликтүү калктын жашоосун жакшыртууга жардам берип келебиз.



Өткөн жылы Aimak.kg жана AgroEcaSOS долбоорунун үстүндө иш алып бардык. Aimak.kg долбоору Аксы жергесинде жүзөгө ашты. Ал аймакта 2017-2018-жылдары кара өрүктүн түшүмүнүн сапаты начар болгондуктан баасы өтө төмөндөп кеткен. Ушул маселени чечүү максатында жогорудагы долбоорду иштеп чыкканбыз. Тест борборундагы агрономдор менен Аксы элинин ортосунда байланыш түзүп бердик. Ошонун натыйжасында жергиликтүү калк кара өрүктүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу жолдорун үйрөнүшүп, маселе чечилди десек жаңылышпайбыз.

Ал эми AgroEcaSOS долбоорубузду Өзгөн районунун Жалпак-Таш айылында ишке ашырдык. Анткени 2017-жылы жер көчкү болуп, 300 гектардан ашуун жер аянты жөн гана калып кеткен, биз ошол жерлерди 2018-2019-жылдар аралыгында изилдеп чыгып, 2019-жылдын жаз айларынан баштап көчкү астында калган жерди жашыл токойго айлантуу максатында көп сандаган көчөттөрдү тиктик. Азыркы учура 22 гектар жер аянтына ар түрдүү дарактар отургузулду.

Биз дагы студенттик доорду пайдалуу өткөрөм деген жаш досторду Enaktus командасына чакырып кетебиз!

**Даярдаган: Айдана Аманалиева**





“Нур” ОшМУнун студенттеринин коомдук маданий гезити
**Башкы редактору:** МАМАТЖАН уулу Мелис
**Редактордун орун басары:** Термечиков Аккоша

**Редакциялык кеңеш:** А.Мурзакметов, А.Айтманбетов, Т.Жороев, Т. Колдошов, З.Нуралиева, У.Омокеев

**Редакциялык топ:** Марат уулу Сыймык, Каныбек уулу Нургелди, Калыкова Эркайым, Жусупалиева Айганым

**Корректор:** Нурсултан кызы Венера

**Менеджер:** Аманалиева Айдана
**Каттар бөлүмүнүн жетекчиси:** Салиева Жумагүл
**Кабарлар бөлүмүнүн жетекчиси:** Гульжигитова Аймээрим
**Фото кабарчы:** Термечиков Аккоша

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. «ММКны колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331,
ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
**Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.**
Нускасы: 3350 Буюртма № 1849

Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru



# КУТМАН КУРАК КУТ БОЛСУН!



Ордендүү университетибиздин мамлекеттик тил кафедрасынын ардактуу окутуучусу Калдыбаева Бейшекан Тайтокуровна быйылкы жылы 60-күзүн тосуп алды. Жеке агартуу системасында 40 жылга жакын үзүрлүү эмгектенип, билим берүү тармагында миңдеген жаштарга билим, тарбия бере алды. Эмгеги жерде калбай, Эл агартуунун мыктысы наамына татыктуу болду. Жамаатта алдыда жүрсө ак жолтой, аркада жүрсө сан колдой кадыр-барк топтой алды.

Бейшекан Тайтокуровна, кутман курагыңыз кут болсун! Бекем ден соолукта болуп, кафедрабызда эжелик, энелик, ишмердигибизде мыкты устаттык касиетиңизден жазбай, узак өмүр сүрүңүз.

**Мамлекеттик тил кафедрасынын окутуучулары**

# СҮРӨТЧҮ КЫЗДЫ ТҮЙШӨЛТКӨН СҮРӨТТӨР



Көркөм сүрөт искусствосу – көз менен көргөн образды ары элестүү, ары сырдуу, ары кооз туюнткан көркөм аалам. Сүрөт дүйнөсүнүн астанасын аттаган таланттуулардын бири ОшМУнун "Билим" лицейинин 10-классынын окуучусу Асел Жусупова сүрөт тартуудагы сырлары менен бөлүштү.

## ҮЙДҮН ДУБАЛДАРЫНА СҮРӨТ ТАРТАР ЭЛЕМ...

Бала чагымдан эле сүрөт тартууга болгон кызыгуум күч болчу. Апамдын айтуусу боюнча, 3 жашымда эле, колума калем тийсе китеп, газета, журналдардагы сүрөттөрдү боёп салчу экенмин. Убакыт өтүп, бул адатым үйдүн дубалдарынан тарта буюмдарга чейин уланып кетиптир (күлүп). Апам ушундай аракетимден "чымыным" бар экенин байкап, сүрөт мектебине берген экен.

## БИРИНЧИ АПАМДЫН ПОРТРЕТИН ТАРТКАМ

Кандай гана эмгек жасасаң, биринчи кезекте бапестеп чоңойткан ата-энең эске келет эмесби. Сүрөт мектебинде үч жыл окуп, портрет тартууну үйрөнгөн соң, сыйкыр калемдин күчүнөн жана үйрөнгөн өнөрүмдүн арты менен биринчи апамдын портретин тарткам.

## ЖЕТИ ЖЫЛ СКРИПКАДА ОЙНОГОМ

Искусствонун бардык тили бир өңдөнөт. Сүрөт тартуудан сырткары скрипка чертем. Апам мени 2-классымда, бийге, скрипкага, тигүүчүлүк өнөрдү үйрөнсүн деп курстарга жаздырган. Скрипкада 7 жыл, бий ийриминде 3 жыл окудум. Учурда кызыгуум солгундап калганданбы, убакыттын аздыгынанбы, айтор, бийди жана тигүүчүлүк ийримди токтотуп турам. Бирок сүрөт менен скрипкага болгон кызыгуу оту өчпөстөн, азыркы учурда да алектенип келем.


## СҮРӨТЧҮНҮ ТҮЙШӨЛТКӨН СҮРӨТТӨР

- Ар бир өнөрдүн өзүнө жараша түйшүгү жана ырахаты болот. Мен үчүн көлөмү чоң сүрөттөрдү иштөө бир аз мүшкүлүрөөк, бирок эргүү менен тартып жатып кантип аяктаганымды сезбей калам. Анан да мектептеги досторум ар кандай иш-чараларда сүрөт тартып бер деп кезектешип калат. Ушул учурларда өзүмдү эркин сезбей, ырахаттануу менен эмгек жасай албай калам...









**Даярдагандар: Нурсултан кызы Венера, Аймээрим Гульжигитова**

# ҮЧҮНЧҮ ЖАТАКАНАДАГЫ ҮЛГҮЛҮҮ БӨЛМӨЛӨР

*"Жатакана ар бир бөлмө тагдырлар,*
*Кыз – жигиттин дил табышкан жайындай.*
*Аруу тилек максаттарга чулганган,*
*Өтүп барат студенттик күндөр ай"*

- деп Т. Колдошов обон созгондой, жаштардын эң бактылуу көз ирмеми жатаканада өтөөрү барыбызга маалым. Гезитибиздин бул санында №3 жатакананын өзгөчө тартиптери жана жетишкендиктери, студенттердин жашоо турмушу жөнүндө айтып бермекчибиз.

***Алгач эле жатакандагы тартип, шарттар, эрежелер тууралуу № 3 жатакананын коменданты Жүзүмкан Пармановага кепке тарттык:***




"Биздин жатаканада жалпы 203 студент жашайт. Алардын 148и жергиликтүү, 55и Пакистандан келген студенттер. Студенттерди кабыл алуудагы башкы талабыбыз: ар бир келген студент өзү менен кеминде бирден бөлмө гүлүн алып келүүсү зарыл. Анткени, гүл бар жерде сулуулук, назиктик жашайт. Жатаканада студенттердин өзүн – өзү башкаруу структурасы катуу тартипте иш алып барышат. Структура мүчөлөрү окуу жылынын башында студенттердин шайлоосунун негизинде тандалып алынат. Жумасына бир жолу бөлмөлөрдү текшерүү жүгүзүлүп, жыйынтыгы биздин "Эң начар бөлмөлөр" жана "Эң мыкты бөлмөлөр" бурчуна сүрөткө тартылып, жарыяланып турат. Эскерте кетүүчү нерсе, эң начар бөлмө бурчуна үч жолу илинген бөлмө жашоочуларына акт түзүлүп, жатаканадан чыгарылат. Мындан сырткары ар бир студенттин өздүк дептерчеси бар. Бөлмөдө мөөнөтчү болгон күндөрү эмне жумуштарды аткаргандыгы жана текшерүү жүргүзүлгөн убактагы бөлмөнүн абалы ошол дептерге жазылып турат. Эгерде студенттерибиз ооруп кала турган болсо, алгачкы жардам көрсөтүүчү дары кутучабыз орун алган. Ата-энелер балдары тууралуу маалымат алышы үчүн ата-энелер менен байланышуу китепчесин түзгөнбүз. Ар бир студентке көз салып, тартип бузса, кечинде бөлмөсүнө келбесе китепчеге жазылат жана ата-энесине көрсөтүлөт. Даталуу күндөр, майрамдар чыгармачыл топтун аракетинде ишке ашат. Баса, ушул жерде канча жыл иштесем, ошол мезгилден тарта студенттер уюштурган иш-чаралардан эстелик сүрөттөр жыйнагым бар",– деп эжекебиз альбом барактап калды.

**Жогоруда айтып өткөндөй №336, №304, №306, №322 эң мыкты делген бөлмөлөрдүн сап башында турат. Индиядан келген студенттердин арасында №403, №411 бөлмөлөр мактоого татыйт.**



***Улсанам Касымамат кызы, Гүлзада Аширбек кызы, Орзиматова Мухлисахон, Ашимова Айзада №336 бөлмө жашоочулары тазалык сырлары менен бөлүштү:***









"№3 жатакананын тазалыгы, шарттары ал тургай комендант эжейибизден тартып жатакана тазалыгы үчүн кам көргөн кызматчыларга чейин жакшы көрөбүз. Бул жерде эң биринчи кезекте студенттер ортосунда бир туугандай мамиле, тартип жана тазалык. Вахтачы эжелерибизди да абдан сыйлайбыз. Алар ар бир студент жөнүндө маалыматка ээ. Комендант эжекебиз болсо экинчи апабыз сыңары бизге кам көрүп, өз акыл кеңештерин айтып турат.

Өз бөлмөбүздү дайым таза, тыкан кармаганга аракеттенебиз. Атайын түзүлгөн нөөмөт боюнча жумуштарды аткарабыз. Мындан сырткары жатакананын маданий иш–чараларына, ишембиликтерге активдүү катышканга аракет жасайбыз. Биз жатаканабыз менен сыймыктанабыз!

**Даярдаган: Айдана Аманалиева**